**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**

***ТОКТОМ* № 1 *ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардын аймагында кышка карата аткарылган иштердин абалы жөнүндө».**

Шаардын аймагында кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу шаардык мэриянын күз-кыш мезгилине карата даярдыктары боюнча шаардын мэринин орун басарынын убактылуу милдетин аткаруучу Н.Боронбаевдин маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 - сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Шаардын аймагында кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу шаардык мэриянын күз-кыш мезгилине карата даярдыктары боюнча шаардын мэринин орун басарынын убактылуу милдетин аткаруучу Н.Боронбаевдин маалыматы жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштары эске алынсын.
2. 2025-2026-жылга шаардын аймагында күз-кыш мезгилдерине карата аткарылган иштер менен катар төмөндөгү кемчиликтер орун алгандыгы белгиленсин:
   - №7 К.Кузембаев атындагы орто мектебинин айнек терезелеринин эскилиги жеткендигине байланыштуу ички жылуулуктары канааттандырарлык эмес экендиги;
   - №8 М.Темирбаев атындагы орто мектебинин ички жылыткычтары алмаштырылбагандыгына байланыштуу жылуулук системасы канааттандырарлык эмес экендиги;
   - №4 “Жомок” бала бакчасынын жылуулугу талапка жооп бербегендиги;
3. Таш-Көмүр шаардык билим берүү бөлүмү менен «Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо» муниципалдык ишканасынын ортосундагы 2025-2026-жылдарга түзүлгөн эки тараптуу келишимди жокко чыгаруу жана кайра кароо жагы шаардык билим берүү бөлүмүнө сунушталсын.
4. №4 “Жомок” бала бакчасынын жылуулугун шаардын борборлоштурулган жылытуу системасына кошуу жагы шаардык мэрияга жана шаардык билим берүү бөлүмүнө сунушталсын.
5. Тиешелүү мекеме ишканалар менен биргеликте келтирилген кемчиликтердин үстүндө иш алып баруу жагы шаардык мэрияга милдеттендирилсин.

6. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
7. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
8. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Өнөр жай” (Ж.Турдукулова) жана “Социалдык маселелер” (Ж.Токтомамбетова)** боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**

***ТОКТОМ*** **№ 2** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо» муниципалдык ишканасынын 2024-2025-2026-жылга кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу маалыматы».**

«Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо» муниципалдык ишканасынын 2024-2025-2026-жылга кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу «Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо» муниципалдык ишканасынын директору Н.Атабаевдин маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 - сессиясы

**Токтом кылат:**

1. «Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо» муниципалдык ишканасынын 2024-2025-2026-жылга кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу **«Таш-Көмүр жылуулук менен камсыздоо» муниципалдык ишканасынын директору Н.Атабаевдин** маалыматы эске алынсын.
2. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**

***ТОКТОМ*** **№ 3** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр РЭТ ишканасынын 2025-2026-жылга кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу маалыматы».**

Таш-Көмүр РЭТ ишканасынын 2025-2026-жылга кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу Таш-Көмүр РЭТ ишканасынын башчысы Т.Нышановдун маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 - сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Таш-Көмүр РЭТ ишканасынын 2025-2026-жылга кышка карата аткарылган иштердин абалы тууралуу **Таш-Көмүр РЭТ ишканасынын башчысы Т.Нышановдун** маалыматы эске алынсын.
2. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ<br>ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК<br>ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ<br>КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ** |

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**

***ТОКТОМ*** № **4** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2026-жылга шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасы жөнүндө».**

Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2026-жылга шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасы тууралуу шаардын **мэри К.Бектемировдун** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 - сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2026-жылга шаарды социалдык- экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасы тууралуу шаардын **мэри К.Бектемировдун** маалыматы эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаардык мэриясынын 2026-жылга шаарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана калкты социалдык жактан коргоо боюнча программасы бекитилсин. /программа тиркелет/
3. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет”** боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**
***ТОКТОМ* № 5 *ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«2026-жылга карата шаардык Кенештин иш планынын долбоору жөнүндө».**

2026-жылга карата шаардык Кенештин иш планынын долбоору тууралуу шаардык Кеңештин **жооптуу катчысы Б.Дуйшебаеванын** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 - сессиясы

**Токтом кылат:**

1. 2026-жылга карата шаардык Кенештин иш планынын долбоору тууралуу шаардык Кеңештин **жооптуу катчысы Б.Дуйшебаеванын** маалыматы жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштары эске алынсын.
2. 2026-жылга карата шаардык Кенештин иш планынын долбоору жөнүндө маселе жүйөлүү себептерге байланыштуу кийинки сессияга жылдырылсын.
3. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**

***ТОКТОМ*** **№ 6** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 08.12.2025-жылдагы “2026-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/4557 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 08.12.2025-жылдагы “2026-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/4557 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Мамасалиеванын** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 – сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Шаардык мэриянын 08.12.2025-жылдагы “2026-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/4557 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Мамасалиеванын** маалыматы эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдагы 1-мартындагы №103 токтому менен бекитилген “Долбоорлорду тандоо жана дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржылоо жөнүндө” жобосуна ылайык, Таш-Көмүр шаары боюнча 2026-жылга карата республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк (дем берүүчү) грантка сунушталган долбоорлордун тизмеси тиркемеге ылайык жактырылсын. **/тиркеме тиркелет/**
3. Таш-Көмүр шаары боюнча 2026-жылга карата республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк (дем берүүчү) грантка сунушталган долбоорлордун өздүк салымдары үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен тиркемеде көрсөтүлгөн пайыздык чендерге ылайык **2 639 377 (эки миллион алты жүз отуз тогуз мин үч жүз**

**жетимиш жети)** сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин жана 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине киргизүү жагы Таш-Көмүр шаардык мэриясына милдеттендирилсин.

4. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет”** боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**Бекитилди**
**29.12.2025-жылдагы кезектеги**
**16-сессиясынын №6 токтомунун**
**тиркемеси**

2026-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу (үлүштүк) дем берүүчү грантка сунушталган долбоорлордун тизмеси

| № | Долбоордун аталышы | Долбоордун жалпы суммасы | Республикалык бюджет | Өздүк салымы ЖБ | Пайызы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | “№1 Н.Островский атындагы орто мектебинин спорттук залын капиталдык ремонттон өткөрүү” долбоору | 3584090 | 2867272 | 716818 | 20% |
| 2 | №7 К.Кузембаев атындагы орто мектебинин айнек-терезелерин алмаштыруу” долбоору | 6866287 | 4943728 | 1922559 | 28% |
| | **Жалпы суммасы:** | **10450377** | **7811000** | **2639377** | |

Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

29 - декабрь 2025-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезектеги XVI сессиясы**

***ТОКТОМ № 7 ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 12.12.2025-жылдагы “Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фонду тарабынан каржылануучу долбоордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/4642 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 12.12.2025-жылдагы “Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фонду тарабынан каржылануучу долбоордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/4642 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Мамасалиеванын** маалыматын жана чыгып сүйлөгөн депутаттардын сын пикирлерин угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезектеги 16 – сессиясы

**Токтом кылат:**

1. Шаардык мэриянын 12.12.2025-жылдагы “Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фонду тарабынан каржылануучу долбоордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/4642 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасынын орун басары А.Мамасалиеванын** маалыматы эске алынсын.
2. Жалал-Абад облусунун өнүктүрүү фонду тарабынан каржылануучу «№4 Т.Сатылганов атындагы орто мектебинин базасында мектепке чейинки билим берүү тайпаларын ачуу, мектептин ажаатканасын жанылоо жана кире бериш жериндеги чатырын алмаштыруу боюнча” даярдалган долбоордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен 1 317 643 (бир миллион үч жүз он жети мин алты жүз кырк үч) сом өлчөмүндө акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук

берилсин жана 2026-жылдын жергиликтүү бюджетине киргизүү жагы Таш-Көмүр шаардык мэриясына милдеттендирилсин.

3. Бул токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Юстиция башкармалыгына сунуштоо жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **"Экономика жана бюджет"** боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**